**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

11. 03. 2023г. № 939/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу**

Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндө”, “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Мыйзамдарынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 12-сентябрындагы №541 токтому менен бекитилген Жалпы билим берүү уюмдары жөнүндө типтүү жобонун негизинде билим берүүнүн негизги жалпы жана орто жалпы билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулардын жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобо тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 22-мартындагы № 304/1 “Билим берүүнүн негизги жалпы орто билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу” буйругу күчүн жоготту деп эсептелсин.

3. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министринин орун басары Т.А. Ашымбаевага жүктөлсүн.

**Министр** **К.К. Иманалиев**

Приложение к приказу
Министерства образования
и науки Кыргызской Республики
№ 939/1 от "11.03" 2023 года

# Положение

**о проведении итоговой государственной аттестации по образовательным программам основного общего и среднего общего образования в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики всех типов и форм собственности**


I. Общие положения.
II. Функции рабочих органов итоговой государственной аттестации.
III. Участники итоговой государственной аттестации. Порядок допуска обучающихся.
IV. Сроки и продолжительность проведения итоговой государственной аттестации.
V. Проведение итоговой государственной аттестации.
VI. Порядок проведения итоговой государственной аттестации для особого контингента обучающихся.
VII. Порядок проверки экзаменационных работ итоговой государственной аттестации и их оценивание.
VIII. Прием и рассмотрение апелляций.
IX. Порядок выпуска обучающихся.
Оформление и выдача документов об образовании государственного образца.
X. Награждение выпускников.
XI. Финансирование итоговой государственной аттестации.


## I. Общие положения

1. Настоящее Положение о проведении итоговой государственной аттестации (далее в тексте - ИГА) по образовательным программам основного общего и среднего общего образования в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики всех типов и форм собственности определяет формы, участников, сроки и продолжительность проведения ИГА, порядок проверки экзаменационных работ и оценивания, порядок подачи и рассмотрения заявлений (апелляций), изменения и (или) аннулирования результатов аттестации и другое.

2. ИГА проводится для обучающихся, освоивших образовательные программы основного общего и среднего общего образования в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики всех типов и форм собственности (в школах, школах-гимназиях, школах-лицеях, школах-комплексах, профессионально-технических лицеях, школах (классах) с заочной (вечерней-сменной) формой обучения, специальных учебно-воспитательных учреждениях, лечебно-профилактических санаториях, специальных общеобразовательных школах для детей и подростков, нуждающихся в особых условиях воспитания, частных общеобразовательных организациях, прошедших государственную аккредитацию образовательных программ основного общего и среднего общего образования в соответствии с требованиями законодательства Кыргызской Республики.

ИГА как основной государственный экзамен проводится в форме письменного и устного экзаменов (экзаменационные материалы представляются в виде текстов с заданиями и другими контрольными измерительными материалами).

3. Целями ИГА являются:
- осуществление контроля над выполнением Законов Кыргызской Республики «Об образовании» и «О государственном языке Кыргызской Республики»;

Кыргыз Республикасынын Билим берүү
жана илим министрлигинин
2023-жылдын 11-мартые
№ буйругуна тиркеме
939/1.

**Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын өткөрүү жөнүндө ЖОБО**


I. Жалпы Жоболор.
II. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын жумушчу органдарынын функциялары.
III. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын катышуучулары. Окуучуларга кирүү укугун берүүнүн тартиби.
IV. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү мөөнөтү жана узактыгы.
V. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүү.
VI. Өзгөчө контингенттеги окуучулар үчүн жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны өткөрүүнүн тартиби.
VII. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациянын сынак иштерин текшерүүнүн тартиби жана аларды баалоо.
VIII. Апелляцияларды кабыл алуу жана карапчыгуу.
IX. Окуучуларды бүтүрүп чыгаруунун тартиби. Билими тууралуу мамлекеттик үлгүдөгү документти жол-жоболоштуруу жана тапшыруу.
X. Бүтүрүүчүлөрдү сыйлоо.
XI. Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны каржылоо.


## I. Жалпы Жоболор

1. Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияны (текстте мындан ары – ЖМА) өткөрүү жөнүндө Жобо аттестацияны өткөрүүнүн түрүн, катышуучуларын, мөөнөтүн жана узактыгын, сынак иштерин текшерүүнүн жана аларды баалоонун тартибин, арыздарды (апелляцияларды) берүү жана карап чыгуу, аттестациянын жыйынтыктарын өзгөртүү жана (же) жокко чыгаруунун тартибин аныктайт.

2. ЖМА Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына шайкеш келген негизги жалпы жана жалпы орто билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча мамлекеттик аккредитациядан өткөн Кыргыз Республикасынын бардык типтеги жана менчик түрүндөгү жалпы билим берүү уюмдарында (мектептер, мектеп-гимназиялар, мектеп-комплекстер, мектеп-лицейлер, кесиптик-техникалык лицейлер, сырттан (кечки-нөөмөттүк) окуу түрүндөгү мектептер (класстар), атайын окутуу-тарбиялоо мекемелери, дарылоо-алдын-алуу санаторийлары, тарбиялоонун өзгөчө шарттарына муктаж болгон балдар жана өспүрүмдөр үчүн атайын жалпы билим берүү мектептеринде, жеке менчик жалпы билим берүү уюмдарында жана башкаларда негизги жалпы жана жалпы орто билим берүү программаларын өздөштүргөн окуучулар үчүн өткөрүлөт.

ЖМА негизги мамлекеттик сынак катары жазуу жана оозеки экзамен түрүндө өткөрүлөт (сынак материалдары тапшырмалар менен берилүүчү тексттер жана башка көзөмөлдөөчү - өлчөөчү материалдар түрүндө берилет.

3. ЖМАнын максаттары төмөнкүлөр болуп эсептелет: